## Жашоону көңүлдүн көзү менен көрүү




Абидин Дино бактылуулуктун сүрөтүн тарта алса анда Дмитрий Михайлович жана анын үй-бүлөсүнүн сүрөтүн сөзсүз тартат эле. Бирок ага боек да, холст да жетпес эле. Дмитрий Михайловичтин үй-бүлөсү чакан болгону менен жүрөгү чоң. Дмитрий ата тубаса сокур. Максат Михайлович апа куш тумоосунан улам көрбөй калган. Максаттын оорусу кызы Назгүл менен уулу Ахметке да өткөн экен.

—— Кабардын уландысы 4-бетте

## Футбол менен жашагандар



Футбол көпчүлүк адамдар үчүн жөн эле спорттун бир түрү. Ал эми кээ биреө үчүн ал тек гана спорт эле эмес, миллиондогон фанаттарды артынан ээрчиткен жашоо образы. Айрымдар үчүн оюн-зоок чөйрөсүн түзүү максатында курулган индустрия же инвестиция салуу болушу мүмкүн. Ал эми кээ биреөлөр үчүн футбол спорт да, жашоо образы да, оюн-зоок тармагы да эмес. Алар үчүн футбол жашоосун улантуунун, жашоого байлануунун бирден бир каражаты.

—— Кабардын уландысы 6-бетте


# ГЕЗИТИ Манас

КТМУ студенттик практикалык гезити | Декабрь 2017 / Саны: 62 | www.manas.edu.kg


## Адам бузулдубу же дүйнө бузулдубу?



Алысты жакындаткан, жакынды алыстаткан, мезгил жана мейкиндиктин маанисин жоготкон ааламдашуу доорунда согуштар, кырсыктар, өлүм менен кайгы жашообуздун бир бөлүгүнө айланды. Дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун, караниет адамдар жараткан трагедияларга күбө болобуз. Дүйнө ушундай ыплас жаралды беле же аны биз, адамдар, ушул абалга алып келдикпи?

——Кабардын уландысы 5-бетте

## Жакшылар жеңет, жамандар калат




Тузулуш жана колдонуу жагынан бири-биринен айырмаланып турган календарлар арасынан эн эле козго корунгону "12 Жаныбардуу" календар. Бул календарда ар бир жаныбар озуно тиешелуу озгочолукторду алып журот."12 Жаныбардуу" календарга таянсак,2018-жыл ит жылы.Бул жылы жакшылар женип,жамандар женилет.

——Кабардын уландысы 7-бетте

# Кыргызстанда биринчи




**Кыргыз-Түрк «Манас» университети «Clarivate Analytics (Thomson Reuters) University Ranking» рейтинги боюнча 2017-жылы Кыргызстандын ЖОЖдорунун арасында эң көп илимий эмгек жарыялаган бир жыл ичинде жарыялаган илимий эмгектерин эки эсеге арттырган жогорку окуу жайы болуп тандалды.**

# Кыргызстанда биринчи




***Кыргыз-Түрк «Манас» университети «Clarivate Analytics (Thomson Reuters) University Ranking» рейтинги боюнча 2017-жылы Кыргызстандын ЖОЖдорунун арасында эң көп илимий эмгек жарыялаган бир жыл ичинде жарыялаган илимий эмгектерин эки эсеге арттырган жогорку окуу жайы болуп тандалды.***

Эл аралык «Clarivate Analytics (Thomson Reuters) University Ranking» рейтингинин жыйынтыгына караганда КТМУ 2017-жылы илимий журналдарда эң көп макала жарыялаган жана бир жыл ичинде басылган илимий эмгектеринин санын эки эсеге арттырган ЖОЖ катары «Web of Science Awards 2017» фестивалында «эң ишмер мекеме» деген номинацияга ээ болду.

Сыйлык тапшыруу аземи Кыргызстанда Билим күнү катары кабыл алынган 10-ноябрда Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясында өттү. КР премьер-министри Сапар Исаковдун катышуусунда өткөрүлгөн аземде КТМУнун 1-орунга татыктуу болгон сыйлыгын университеттин атынан ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы алды. Проф. докт.Балжы жеке ой-пикирин төмөнкүчө айтып өттү: «Кыргыз-Түрк «Манас» университети Орто Азияда илим борбору болуунун аракетинде бүгүнкү сыйлыгы менен дагы да алдыга жылды жана дагы бир ийгиликти багындырды. Томсон Рейтерс уюмунун Web of Science маалымат базасында катталган илимий журналдарга жасалган изилдөөнүн жыйынтыгында университетибиз Кыргызстандагы ЖОЖдордун арасынан А категориясындагы журналдарга эң көм макала жарыяланган ЖОЖ катары 2017-жылдын эң ишмер мекемеси сыйлыгына татыктуу болуп олтурат. Бул университетибиздин көп жылдардан берки жасаган эмгегинин жыйынтыгы. Университетибизде курулган обьекттерден сырткары техникалык-технологиялык инфраструктурабыздагы жана адам ресурстарыбызды да жогорку деңгээлге жеткирүү максатында көп эмгек кылдык. Бул сыйлык ошол кылган эмгегибиздин үзүрү. Билим күнүндө университетибиздин мындай сыйлыкка татыктуу болуусу б.а. биздий кылган эмгегибиздин бааланусу университетибиздин жалпы жамааты үчүн бизди кубандырбай койгок жок. Ошол эле учурда мындай эмгектин баалануусу биздин жамаатка мындан аркы иштерине да чоң түрткү болот. Ар жылы мындай ийгилик жаратуу жана ийгиликтерди дагы да багындыруу биздин милдетибиз. Бул албетте биздин жоопкерчиликти алуу менен бирге жалпы жамааттын келечекке жаңы үмүт, жаңы дем менен ишке киришүүсүнө, келечектеги жасала турган иштерди пландоого, жаңы максаттарды аныктоого өбөлгө болот жана алдыда ийгиликтерди багындыруу үчүн университеттин атынан дагы да болсо аракет кылабыз. Келечек жылдарда мындай ийгиликти дагы да багындырабыз деп терең ишеним менен айта алам.»

Мындай сыйлыкты алууда себепчи болгон бардык илимпоздорго жана КТМУнун ар бир кызматкерине ыраазычылыгын билдирген проф.докт.Балжы КТМУнун 2023-жылы Орто Азиядагы билим чөйрөсүндө бир илим борбору болоорун айтып өттү.

Эске сала кетсек, КТМУнун 2017-жылы А категориясындагы илимий журналдарда жалпысынан 185 макаласы жарык көргөн.

*Маалымат Борбору*

*Омер Куфреви*







# Улуу эл башчы Ататүрктүн дүйнө салганына 79 жыл толду

***Түркия Республикасынын куруучусу жана анын алгачкы Президенти Гази Мустафа Кемал Ататүрктүн өлгөн күнүнүн 79 жылдыгына карата Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде (КТМУ) эскерилди.***




10-ноябрда КТМУнун ректоратындагы жыйын залында Коомдук илимдер институнун жетекчилиги тарабынан уюштурулган эскерүүгө Түркиянын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлдөрү, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын элчилигинин өкүлү Атынч Кескин, КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттын Балжы, Биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмурзаев, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү, окутуучулар жана студенттер катышты.

Иш-чарада КТМУнун ректору проф., докт.Себахаттын Балжы: “Кыргыз-Түрк “Манас” университети Ататүрктүн осуятын ишке ашырган окуу жай деп ойлойм. 1933-жылы жаштар менен курган маегинде СССРдин келечектеги тагдыры тууралуу айрым божомолдорду айткан жол башчы: “Мезгили келгенде даяр тургула. Асманда жаңы туулар желбирей баштаганда, бир тууган элдердин жанында болуп, алардын муктаждыктарын толтура тургандай күчтүү болгула”,- деген. Ал кезде бул сөздөр жалгыз түрк мамлекети деп эсептелген бизге багытталган. “Манас” университети улуу көсөмдүн бул сөзүн осуят катары кабыл алып курулган университет”.

КТМУнун Биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмурзаев Ататүрктүн адамдык сапаттарына өзгөчө басым жасап: “Ататүрк кыйын учурга карабастан, Түркия Республикасын курууга кудурети жеткен эң мыкты лидер. Ал Биринчи дүйнөлүк согуштун аягында Түркия тарабынан кол коюлган Севр антынан соң бөлүнүп чыккан Осмон империясынан калган басылып алынган жерге башчы болуп, жол көрсөтө алды. Бардык тоскоолдуктарга карабай, Түркия Республикасын кура алды. Идея акчадан дагы күчтүү экенин дүйнөгө далилдеди. Билим, илим, тил, тарых жана демократия жаатында бир топ жаңы алгылыктуу кадамдарды жасап, пайдубалы бекем заманбап мамлекет курду. Өзгөчө илим менен технологияга маани берип, келечектин кырдаалын көрө билди. Бүгүнкү күндө көрүп туганыбыздай, илим жана технологияга маани берген өлкөлөр алдыга озуп баратат. Ататүрк бул □□д□ кырдаалды алдын ала аңдаган улуу көсөм эле. Ататүрктү эскерүү күнү жылда өткөрүлүп келет. Бирок улуу көсөмдү эскерүүнүн эң жакшы жолу – бул алдыга койгон максатка жетүү үчүн талыкпай эмгектенүү, анын кайталангыс өмүрүнөн үлгү алып улам алдыга умтулуу”, - деди.

Окулган баяндамалардан кийин КТМУнун коммуникация факультетинин доценти докт. Юсуф Юрдигүл тарткан “10-ноябрь” документалдык тасмасы көрсөтүлдү. Иш-чаранын соңу КТМУнун Коомдук илимдер институтунун башчысы проф., докт. Орхан Кемал Тавукчунун модераторлугунда “Ататүрктүн тарых, тил жана тышкы иштер жаатындагы саясаты” аттуу панелдик дискуссиясы менен коштолду. Панелде КТМУнун адабият факультетинин тарых бөлүмүнүн башчысы проф., докт. Фахри Үнан “Ататүрк жана тарых”, синхрондук котормо бөлүмүнүн профессору докт.Жейхун Ведат Уйгур “Ататүрктүн тил саясаты” жана эл аралык мамилелер бөлүмүнүн башчысы доц., докт. Метин Аксой “Ататүрктүн тышкы саясаты” аттуу докладдарын окушту.

*Маалымат Борбору*

*Омер Куфреви*

# Түрк дүйнөсү даректүү фильм фестивалында тандалган тасмалар Бишкекте көрсөтүлдү

***Түрк дүйнөсү даректүү фильм фестивалынын алкагында 31-октябрда уюштурулган тандалган тасмалар Бишкекте көрсөтүү аземи Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Коммуникация факультетинде өткөрүлдү. «6 өлкө 7 фестивал» лозунгу менен сапарын улантып келаткан уюмдун коммуникация факультетиндеги иш-чарасы көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынды.***

Түрк дүйнөсү даректүү фильм фестивалынын алкагында 31-октябрда уюштурулган тандалган тасмалар Бишкекте көрсөтүү аземи Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Коммуникация факультетинде өткөрүлдү. «6 өлкө 7 фестивал» лозунгу менен сапарын улантып келаткан уюмдун коммуникация факультетиндеги иш-чарасы көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынды.

Иш-чарага КТМУнун атынан ректор, проф. докт. Себахаттин Балжы, проректор проф. докт. Анварбек Мокеев, коммуникация факультетинин деканы проф.докт. Хамза Чакыр, окутуучулар жана студенттер менен катар сыйлуу конок катары түрк басма сөзүндөгү көрүнүктүү журналист Явуз Донат, Түрк дүйнөсү журналисттер федерациясынын генералдык директору Мендерес Жемир, Түркия журналисттер федерациясынын генералдык директору Йылмаз Каража, Түркиянын жана Кыргызстандын жергиликтүү басма сөз өкүлдөрү катышты.

Иш-чаранын ачылыш сөзүндө КТМУнун ректору, проф.докт. Себахаттин Балжы: «Түрк дүйнөсү журналисттер федерациясыбыз жасаган ишинин майын чыгарып, жылда жаңы долбоорлордун үстүндө иштеп, келечекке ишенимдүү кадам таштап келет. Курулганына аз убакыт болгонуна карабастан, көп иштерди жасап, Түрк дүйнөсүнүн кайрадан кызматташуусу, бирдикте жаңы долбоорлорду ишке ашыруусу үчүн аракет кылып келишет. Ошол себептен жасаган иштеринин биз үчүн өтө маанилүү экендигин билдирүү менен бирге эле аларды куттуктайм», - деди.

Проректор проф.докт. Анварбек Мокеев фестивалдын Түрк дүйнөсүнүн биригүүсү үчүн маанилүү роль ойногонуна көңүл бөлдү.

Иш-чаранын алкагында фестивалда орун алган фильмдер көрсөтүлүп, режиссерлору менен баарлашуу өткөрүлдү. Фестивалдагы Студент категориясында I орунду Коммуникация факультетинин өткөн жылкы бүтүрүүчүсү Касиет Кубанычбек кызы «Оймок» аттуу даректүү фильми менен, III орунду ушул эле факультеттин дагы бир бүтүрүүчүсү Айзада Алиева «Дербиш» аттуу даректүү фильми менен ээледи. Ал эми Профессионал категориясында аталган факультеттин Радио, ТВ жана кино бөлүмүнүн бөлүм башчысы, доцент Молдосейит Мамбетакунов «Аталардан мурас сөз» аттуу даректүү фильми менен II орунду багындырды. Жогоруда аталган байгелүү фильмдер көрүрмандарга тартууланды.

Түркия журналисттер федерациясынын 54-Жетекчилер Кеңеши

Түрк дүйнөсү даректүү фильм фестивалы Бишкек тандоолору иш-чарасынын алкагында Түрк дүйнөсү журналисттеринин жолугушуусу жана Түркия журналисттер федерациясынын 54-Жетекчилер Кеңешинин жыйыны 31-октябрь күнү КТМУнун ректорлук имаратында жайгашкан жыйын залында өткөрүлдү.

Жыйынга Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Метин Кылыч, КТМУнун ректору проф.,докт. Себахаттин Балжы, Түркия журналисттер федерациясынын генералдык директору Йылмаз Каража, Түрк дүйнөсү журналисттер федерациясынын генералдык директору Мендерес Демир, Түркия журналисттер федерациясынын жетекчилер кеңешинин мүчөлөрү жана Түркиянын белгилүү журналисти Явуз Донат катышты.

Жыйында сөз алып сүйлөгөн Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Метин Кылыч: «Түрк дүйнөсү журналисттер федерациясынын жана Түркия журналисттер федерациясынын бир жерде чогулушу аларга биздин өткөн кылымдарда каяктан келгендигибизди жана азыркы дүйнөнүн жаңы конъюнктурасында кайсы тармактардын биздин таасир чөйрөбүз, домен чөйрөбүз экендигин ачып көрсөтүүдө маанилүү жана пайдалуу болоoруна ишенимим зор», - деди.

Проф.докт. Себахаттин Балжы ЖМКнын коомдо маанилүү орду бар экендигин баса белгиледи. «ЖМК өкүлдөрү коомдо маанилүү роль ойнойт. Ар бир журналист коомдо бир шам чырак сыяктуу, коомду жарыктандыруучу милдетти аткарат. Медиасыз кандайдыр бир иш жасоо мүмкүн эмес. Бирок ошол эле учурда медиа коомдун таанып-билүүсүндө маанилүү жоопкерчиликти мойнуна алат. Сиздер Түркия журналисттер федерациясы катары 54-жетекчилер кеңешиңизди ушул жерде өткөрүп жатасыздар. Бүткүл Түркияны өз кучагына алган жана ошол эле учурда бүткүл Түрк дүйнөсүнө да жеткен абалда иш жүргүзүп келесиздер. Мындан кийин биз да сиз үчүн Кыргызстанда, Бишкекте бир жамаат катары кызмат көрсөтүүнү улантабыз. Алдыңыздарга койгон максатыңыздарга биз чын жүрөктөн тилектештигибизди билдиребиз. Медиа жана ЖМКдан кааларыбыз бириmдикке жана барабардыкка кошкон салымы» деди.

Жыйналыштын ачылыш сөзүн сүйлөгөн Түркия журналисттер федерациясынын башкы директору Йылмаз Каража жыйынды уюштурган КТМУга жана ректор, проф.докт Себахаттин Балжыга ыраазычылык билдирүү менен сөзүн төмөндөгүдөй улантты: «Түркия журналисттер федерациясы 1997-жылы курулган. Бул жылы ал өзүнүн 20 жылдыгын майрамдап жатат. Биздин негизги милдетибиз Түркиянын биримдигин сактоо жана Түрк дүйнөсүнүн уюму катары атыбызды таанытуу. Өлкөбүздө 71 ЖМК, Азербайжанда 4, Кипрде 3 болуп жалпысынан 78 уюмду бириктирген федерациябыздын сыртында Түркияда расмий катталган ЖМКлардан башка түрк дүйнөсүндө активдүү түрдө иш алып барган башка федерация же уюм жок. Өлкө сыртындагы иш-чараларыбыз мындан кийин да улана бермекчи».

Жыйналышта сөз сүйлөгөн белгилүү журналист Явуз Донат: «КТМУ – Түрк дүйнөсүнүн алтын көпүрөсү болуп саналат. Бул алтын көпүрөдө сөз сүйлөгөнүмө аябай кубанычтамын. Өткөн замандардан азыркы убакытка чейин Түркия менен Кыргызстандын ортосунда ишке ашырылган долбоорлор бааланганда КТМУнун өзгөчө орду бар экенин көрөбүз. Баары бирдей, бирок КТМУнун орду башка. Себеби КТМУ бул долбоорлордун арасында кылымдардан кылымдарга сакталып кала турган чоң мурас, муундарга өткөрүлүп берилчү илимдин, билимдин борбору», - деди.

Иш-чарада сөз сүйлөгөн Түрк дүйнөсү журналисттер федерациясынын башкы директору Мендерес Демир Кыргызстанда, КТМУда болуудан өзгөчө кубанычта экендигин белгилеп өттү. «Кыргыз-Түрк «Манас» университети коммуникация факультети тарабынан жасалган кинолор Түрк дүйнөсү үчүн өзгөчө мааниге ээ. Бул кинолор аркылуу Кыргызстандын маданияты бүткүл Түрк дүйнөсүнө таанытылат. Ушул тармакта кызматы сиңген баарына ыраазычылык билдирем. Фестивалды уюштуруу аркылуу башталган кызматташтыгыбыздын мындан кийин жасала турган ар кандай темадагы долбоорлор аркылуу уланышына ишенем. Ушул долбоорлордун бири катары түзүлгөн Түрк дүйнөсү кинематография платформасы да келечекте пайдалуу иштерди жасаарына күмөн жок».

Түркия журналисттер федерациясынын директорунун орун басары Вели Алтындаг да өткөрүлүп жаткан иш-чарага байланыштуу өзүнүн ой-пикирлерин ортого салды. «Бул жерлер биздин ата мекенибиз. Биз бул жерлерге тез-тез келип турушубуз керек. Ушундай иш-чараны биз үчүн уюштуруп жаткан КТМУга ыраазычылык билдиребиз. Биз Түркия журналисттер федерациясы катары жетекчилер кеңешинин жыйынын бир жылда үч кээде төрт жолу өткөрүп турабыз. Жыйналыштарда көбүнесе сектордогу маселелерди талкуулайбыз. Өзгөчө басма сөздөгү маселелерди, расмий билдирүүлөргө жана сары басма сөзгө байланыштуу маселелерди чечүүгө аракет кылабыз», - деди ал.

Жыйынга бул жылы алгачкы жолу катышып жатканын билдирген Кайсери журналисттер союзунун директору Метин Көшедаг да журналистикага байланыштуу маселелер Түркияда болсун, же башка түрк өлкөлөрүндө, же болбосо бүткүл дүйнөдө болсун, бирдей, журналисттик кесип – бул киреше таакысы келгендердин кесиби эмес, бул кесипти сүйгөндөр аркалай турган кесип экендигин белгилеп өттү.

54-Жетекчилер кеңешинин жыйыны сыйлык тапшыруу аземи менен жыйынтыкталды.

Кубра Эрбайракчы
Омер Куфреви









*3- декабрь дүйнөлүк майыптар күнүнө карата*

# Жашоону көңүлдүн көзү менен көрүү



## “Эч качан өзүмдү “өзгөчө”сезген жокмун

Дмитрий Михайлович бала чагын эстегенде дал ошол күндөргө баргандай эскерет. Азыркы жашоо болгон көз карашынын пайдубалы ошол бала чагында тургузулгандай. Бактылуу, шайыр-шатман бала болгондугун айтып берди. Анын майыптыгы эч бир заманда жашоосуна тоскоол болбогондугун жана өзүн башка балдар сыяктуу сезгендигин баса белгилейт. “Бала чагым өтө кызыктуу өттү. 6-класска чейин тышта эле жүрчүмүн. Жайында досторум менен лагерлерге барчубуз. Эч качан эч бир кырдаалда өзүмдү өзгөчө же башкача сезген жокмун. Мунун эң маниилүү себеби менин үй-бүлөм болду. Анткени алар ар бир кадамыма колдоо көрсөтүп турушту. Дайыма жанымда болушту.” Дмитрий Михайлович гана үй-бүлөсүндө мүмкүнчүлүгү чектелгендерден экен. Өзгөчө анын үй-бүлөсү Михайловичтин музыкага болгон ышкыбоозун өнүктүрүп алдыга сүрөгөн. Ал эр жетип кесип тандоодогу көз ирмемдеринен баштап үй-бүлө курганга чейинки убакытты бир фильм сыяктуу айтып берет. “Окуумду аяктаган соң музыка менен алектенеримди билчүмүн. Музыка мугалими болоюн деп чечтим. Муну менен сүйгөн ишимди кылып нан таап жейм деп ойлодум. Башында 20 жыл бою катардагы орто мектептердин биринде музыкадан сабак бердим. Андан соң мен сыяктуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга сабак берип, аз да болсо аларга жардамым тийсе, өзүмдү бактылуу сезем.”

## “Максат менен бакытты таптым”

Дмитрий Михайлович “Аны менен чыныгы бакытты таптым” деген жубайы Максат Михайлович музыканын жардамы менен таанышкан. Максат Михайлович экөөнүн таанышуусун мындайча сүрөттөйт. “Чынында Орусияда медицина факультетинде окудум. Бирок ар кандай көйгөйлөрдөн улам окуумду уланта албай калдым. Анан соода-сатык менен алектенип жүрдүм. Ошол учурда компьютердик курстарга барып жүрдүм. Курстун окутуучусу Дмитрийдин мурдагы студенти экен. Экөөбүздү тааныштырды. Бул Дмитрий Михайловичтин экинчи жолу үйлөнүшү. Биринчисинде жаш кезинде үйлөнүп, 30 жыл бирге жашашкан. Андан эки баласы жана неберелери бар.” Андан ары сөздү Дмитрий Михайлович улай кетти: “Бирок биринчи үй-бүлө курушум жетишерлик деңгээлде бактылуу кыла албады. 30 жыл бирге жашаганыбыз менен бактылуу боло албадык. Ал жубайым дени сак болгондуктан бири-бирибизди түшүнө албай кыйналчубуз. Ал эми Максат менен он жылдан бери чогуубуз. Үй-бүлөдөн да өтүп бири-бирибизди толуктайбыз, колдойбуз. Аны менен батымды таптым. Чыныга бактылуу үй-бүлө кандай экендигин билдим.”

## “Ар бир аял эне болууга акысы бар”

Максат Михайловичтин оорусу генетикалык жол менен берилет. Өз үй-бүлөсүндө мындай оору болбосо дагы, биринчи үй-бүлөсүнөн кызы Назгүл да куш тумоосу менен ооруйт. Бул жылы университетти бүтүрө турган Назгүл “экинчи атам” деп атаган Дмитрий Михайловичтин жолун жолдоп музыка мугалими болгусу келет. Дмитрий Михайлович менен 5-классында музыка мугалими катары таанышканын эскерди: “Аны менен таанышканымда кыйналып жүргөн убагында элем. Өзүмдү башкалар менен салыштырып, жемелеп жүргөм. Бирок аны менен таанышкан соң жашоомо башка көздөр менен карай баштадым. Ал өзү билген бардык нерсени мага үйрөттү. Кантип жолдо жүрүш керек, ырдаганды үйрөтүп, мени жашоого даярдады”.

Дмитрий жана Максат Михайлович дагы бир балалуу болгусу келишкен. Төрөлө турган бала генетикалык жактан майып болуп төрөлөрүн билишсе да, Ахметти аттуу балалуу болушат. “Ахметти 40 жашымда төрөдүм. Ал да мен сыяктуу майып болорун билчүмүн. Бирок өзүбүздү буга даярдадык. Ахмет бир аз да болсо азыр көрөт. Башка балдар сыяктуу эле ойноп-күлүп бактылуу балалыгын өткөрүп жаткан кези. Чоңойгондо айдоочу болгусу келет. Бизди чынында капа кылдырган нерсе, биздин чөйрөбүздөгү адамдардын бизге болгон стереотиптери, көз караштары. “Майып болорун билип туруп эмне үчүн уулду болдуңар” дегендер көп болуп, сын-пикирге кабылдык. Аларга жообум “Ар бир аялдын эне болууга акысы бар. Анын үстүнө биздин мүмкүнчүлүгүбүз чектелгени менен жашоого тоскоол болборун билебиз. Биздин тоскоолдуктарыбыз коомчулуктун бизге болгон көз карашы, бизди ата-эне катары көрбөшү, бизге иш бербей коюулары”.

## ‘Көрүүнү каалабайт элем’

Дмитрий Михайлович жана анын үй-бүлөсү ар кандай стереотиптерге көңүл бурбастан жашоодон ырахат алып жашоого бел байлашкан. Жаңы жерлерди көрүү, саякаттоону жактырышат. Бул жерлерди көдөрү менен эмес, дили менен көрүшөт, искеп жаттышат. Андан да көрүүнү да каалашпайт. “Менин өз оюмда кыялданган дүйнөм бар. Ал дүйнөнү көздөрүм менен эмес, көңүлүм менен көрөм. Ал жерде сүйгөн адамдарым, үй-бүлөм бар. Бул дүйнөдө мен бактылуумун. Эгер көздөрүм менен көрсөм, ал дүйнөнү жоготуудан корком. Психологиялык тараптан абдан таасир этет.”

Бизди үйдө “Кайчы кайда, туз кайда” деген сөздөрдү укпайсың

Дмитрий Михайлович жана анын үй-бүлөсү өз дүйнөсүндө өз тартиптери бар. Алар үчүн бул маанилүү. “Башка адамдар сыяктуу чачып, буюмдарды ар кайсы жерге коюп жашай албайбыз. Ар бир нерсенин өз орду бар. Аны табуу оңой болот. Ошондуктан биздин үйдө “кайчы кайда, туз кайда” деген сыяктуу суроолор эч жаңырбайт.

## Жашоо керемет

Дмитрий Михайлович жана анын үй-бүлөсүнүн жашоосун тасма катары тартылган. Азамат Шаршенов тарабынан тартылган бул фильм бир нече эл аралык кинофестивалдарда көрсөтүлүп жүрөт. Режиссер Шаршенов Абидин Динонун тарта албаган сүрөтүн 73 мүнөттөк кино тасмага сыйдырууга аракеттенген. Михайловичтин кино каарманы болуп калгандыгынын себеби да анын музыкага болгон кызыгуусу. Музыка сабагын алган Шаршенов агайынын жашоосунан таасир алып, көп жылдан соң мугалимине келип фильмдин долоорун сунуштап, сураныпы жатып Михайловичтердин үй-бүлөсүн макул кылдырат. Шаршенов “Мугалимимдин жашоого болгон сүйүүсү мени таң калтырчу. Биз жашообуздагы сулуулуктарды көрбөйбүз. Кичинекей көйгөйлөргө капа болобух. Бирок Дмитрий Михайлович сыяктуу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн бул дүйнө өзгөчө сезилет. Филмим менен ушуну берүүгө аракеттендим. Муну чагылдыруу үчүн Михайловичтин үй-бүлөсүнөн дагы жакшы мисал таба албас элем.”

Абидин Дино бактылуулуктун сүрөтүн тарта алса анда Дмитрий Михайлович жана анын үй-бүлөсүнүн сүрөтүн сөзсүз тартат эле. Бирок ага боек да, холст да жетпес эле. Дмитрий Михайловичтин үй-бүлөсү чакан болгону менен жүрөгү чоң. Дмитрий ата тубаса сокур. Максат Михайлович апа куш тумоосунан улам көрбөй калган. Максаттын оорусу кызы Назгүл менен уулу Ахметке да өткөн экен. Бирок айтып өткөндөй, жашоонун ар кыл кыйынчылыктарына карабастан жашоо тизгинин колго алып, жашоону тандаган үй-бүлөлөрдөн. Алар жашоону көңүлдүн көзү менен көрүп өз тынчтыгын тапкандар.





Алп Йуртчичек

Дизайн:Курманжан Доктурбекова

*27-ноябрь Дүйнөлук философия күнүнө карата*

# Адам бузулдубу же дүйнө бузулдубу?

*Алысты жакындаткан, жакынды алыстаткан, мезгил жана мейкиндиктин маанисин жоготкон ааламдашуу доорунда согуштар, кырсыктар, өлүм менен кайгы жашообуздун бир бөлүгүнө айланды. Дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун, каранием адамдар жараткан трагедияларга күбө болобуз. Дүйнө ушундай ыплас жаралды беле же аны биз, адамдар, ушул абалга алып келдикпи?Коркунуч, таш боорлук жана жамандык күндөн-күнгө күч алган заманда адеп-ахлактуу, дегеле адам бойдон калуу мүмкүнбү? Же болбосо ыйман, жакшылык, боорукердик, бактылуулук философия сөздүктөрүндө гана кездеше турган түшүнүктөр болуп калдыбы? Ушул өңдүү суроолорго философтор менен бирге ой калчап көрөлү.*

**“Адептүү болуу – бактылуу болуу. Эгер адам бактылуу боло албай жатса, демек анын адеп-ахлагында маселе бар” Аристотель**

## Адеппи же етикабы

Адамдар өмүр боюнча өзүн курчап турган чөйрө менен тыгыз байланышта жашайт. Жашаган чөйрөсүнө жараша адамдар туура-туура эмес, жакшы-жаманды ылгап, ага жараша мамиле жасоого өтөт. Муну адеп-ахлак деп аташат. Адеп күнүмдүк жашоодогу адамдардын жаман-жакшы, туура-туура эмес жүрүш-туруштарынын жыйындысы. Философиянын өзөгү катары кабыл алынган этика чынында моралдык баалулуктардын теориясын түшүндүрөт. Этика жана адеп терминдери бири-биринин ордуна колдонулуп жүргөн сөздөр. Айрым учурларда булардын ордуна мораль деген сөз колдонулат. Кыргыз-Түрк Манас университетинин философия бөлүмүнүн профессору докт. Вефа Ташделен этика жана мораль терминдери көбүнчө батыш маданиятына тиешелүү дейт. Ал эми адеп-ахлак сөзү чыгыш маданиятында кулк-мүнөз деген мааниде көп колдонулат.

Ыйман менен жашоо жеке адам үчүн да, жалпы коом үчүн да бактылуулукту жаратат. Бирок бул жеке адамдардын кызыкчылыгы коомчулуктун кызыкчылыгы менен дал келишкенде ишке ашат. Эгер андай дал келишүү болбогон учурда жеке адамдар жана коомчулуктун арасындагы түшүнбөстүктөрдө улам кагылышуулар, бири-бирин айыптоо күч алат.

“Адам өмүр бою адептүү боло алабы?”

Адептүү болуу Христиан жана Ислам диндери баштаган бардык диндердин эң башкы, маанилүү темаларынын бири. Ар бир дин жана ишеним адамдарды жакшылыкка, адептүүлүккө үндөйт. Жакшылыкка умтулуп, адептүү болгусу келген адамдын эрки өз колунда. Философия тарыхындагы айтылуу философтордун бири Сократтын айтымында, адамдын кандай жолду тандап алышы, кандай жол менен жашашы анын билимине жараша болот. Сократ билимди ахлак менен тең карап: “Адам өмүр бою адеп-ахлактуу боло алабы?” деген суроо берет. Анын пикиринде, наадандыктын башкы себеби билимсиздик. Башкача айтканда, адамдын ыймансыздыгы анын билимсиздигинен улам келип чыгат. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин философия бөлүмүнүн башчысы проф., докт. Жамгырбек Бөкөшов да бул ойду жактоочулардын бири. Анын айтымында, адам канчалык билимдүү, тажрыйбалуу, принциптерин бекем кармаган болсо, ошончолук жаман иштерден алыс болот. Андай адам адептүүлүктүн, жакшылыктын жана сулуулуктун жолунда өмүр сүрүп, ыплас иштерди жасоого барбайт. Бул жеке адамдарга гана эмес, коомго да тиешелүү.

**Ойумда кызыгуу,кумон саноо жана сыйды ойготкон эки нерсе бар:Устумдогу жаркыраган асман жана ичимдеги адеп мыйзамы. Кант**

Ал эми айтылуу немец философу И.Кант адептүү болуу – бул адамдын милдети, ал эч бир шартка байланбаш керек деген экен. Адеп-ахлактуу болуу – бул ар бир адамдын өзүнөн, өзүнүн абийир мыйзамына баш ийүүсү. Бирөөнүн буйругу менен эмес, а адамдын өз эрки менен жасалган иштердин адеп-ахлактын алкагында болгону туура.

Жеке адам адептүү болушу керекпи же коомчулукпу?

Ахлак темасында талаш-тартышка ээ болгон эң маанилүү нерселердин бири – адептүү болуу жеке адамга тиешелүү эле маселеби же бүтүндөй коомчулуккабы деген суроо. Мунун тегерегинде канчалаган суроолор жаралып, ой-пикирлер, теориялар айтылып келе жатат. Проф.докт. Ташделендин оюнча, адеп-ахлак коомчулуктун эмес, адамдын ичинде болгон принциптер. Мындай эреже, нормалар билим-илим аркылуу үйрөтүлүшү керектигин айткан проф. докт. Ташделен “Билим алуу моралдык баалуктарды үйрөнүү, аны өздөштүрүүгө салым кошот. Билимдүү адамдар ар кандай кризис учурларды оңой жеңе алышат. Ошентип, жеке адам адептүү, адеп-ахлактуу болсо, коом дагы ошондой болот. Мындай баалулуктар зордоп, күч менен башкаларга үйрөтүлбөйт. Ахлак адамдын руханий дүйнөсүнө тиешелүү болгондуктан, күчкө салып үйрөтүлгөнү менен сыртынан гана адептүү көрүнүп, а чынында андай болбой калышы мүмкүн. Андыктан, адам ыймандуу болууга жан дүйнөсү менен берилиши керек”.

Докт.Абдирашит Бабатаевдин айтымында, “адепсиздик” коомдо бирдиктүү бир пикир болбогондо жаралат. А.Бабатаев “Философия тарыхына кайрылсак, прагматикалык ахлак теориясы бар. Бул темадагы ар кандай теориялар “мен ыймандуумун” деген түшүнүктү билдирет. Бирок өзүн адептүүмүн деп эсептеген адамды башкалар да адептүү деп эсептейби же жокпу ал өзүнчө маселе. Бирок ар бир адам өзүн адептүүмүн деп санайт.“

Адепсиздик өсүп жатабы?

Адептүүлүк ааламдашуу учурундагы олуттуу талкууланган темалардын бирине айланды. Проф.докт. Ташделендин пикиринде, анын башкы себеби дүйнө жүзүндөгү адептүүлүк кризисинен улам келип чыкты. “Согуш, терроризм, кылмыштуулуктар сыяктуу коркунучтардан улам аалам тең салмактуулугун жоготкондой көрүнөт. Мунун өзү жеке адам үчүн да, коомчулук үчүн да жасалган теңсиздик жана адепсиздик катары көрүнөт”.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин философия бөлүмүнүн башчысы Ж.Бөкөшов адеп-ахлак көйгөйү азыркы учурда гана эмес, эбактан бери келе жаткан маселе экендигин белгилейт. “Адамзаттын тарыхына кайрылсак, ар кылымда коомдогу адепсиздикке, жаман адаттарга наразычылыктар болуп келгенин көрүүгө болот. Алсак, Египеттеги биздин заманга чейинки пергамент жазууларында “Азыркы жаштарыбыз адепсиз болуп баратышат. Улуулардын сөзүнө кулак төшөшпөй, жаман жолдо баратышат” деген жерлер кездешет. Ошондуктан, бул тема дайыма талкуулана турган маселе.”

**“Тынчтык бербеген кооптонуу сөзсүз түрдө жасаган жаман иштериңерден улам болот” Ф.Достоевский.**

*Омур Картал*

*Дизайн:Курманжан Доктурбекова*

# Футбол менен жашагандар



*Футбол көпчүлүк адамдар үчүн жөн эле спорттун бир түрү. Ал эми кээ бирөө үчүн ал тек гана спорт эле эмес, миллиондогон фанаттарды артынан ээрчиткен жашоо образы. Айрымдар үчүн оюн-зоок чөйрөсүн түзүү максатында курулган индустрия же инвестиция салуу болушу мүмкүн. Ал эми кээ бирөөлөр үчүн футбол спорт да, жашоо образы да, оюн-зоок тармагы да эмес. Алар үчүн футбол жашоосун улантуунун, жашоого байлануунун бирден бир каражаты. Дал ушул балдар уйүндо футбол менен жашоого умтулган Бермет,Нурзат,Мээрим жана Айгеримдин баянындагы сыяктуу...*

## "Байкем мени жакшы көрүп, жанымда болсо болду!"

Бермет 13 жашта. Ал атасы каза болгондон кийин байкеси менен балдар үйүнө келген. Ошентип, анын балдар үйүндө жаңы жашоосу башталган. Алгачкы убактарда ал бул жашоодо арка-жөлөк боло турган бир эле байкесине таянчу эле. Ал эми кийинчерээк ал жалгыз эмес экенин, өзүнө окшош тагдырга туш болгон өзү курактуу башка балдар да бар экенин көрөт. Бирок ага достук сезимин таттырган футбол болот: «Байкем кичинесинен бери футбол ойнойт. Мен ал футбол ойноп жатканда дайыма карап отурчумун. Бирок өзүм качандыр бир убакта футбол ойноп калам деп эч качан ойлогон эмесмин. Жатаканада футбол ойногон кыздарды көрүп, мен да алардын командасына кошулууну каалайдым». Бермет футбол аркылуу жаңы досторду табуу үчүн алгач байкесинен футбол ойногонду үйрөнөт. Бул учур бир тараптан Бермет менен байкесинин ортосунда бир туугандык сезимдердин жанданууусуна да өбөлгө болот. Байкесинин аракети жана колдоосу аркылуу футболго жан дили менен берилген жана катышкан турнирлеринде ийгиликтерди жараткан Бермет «Жараткан ийгиликтериме байкем менен досторумдун кошкон салымы чоң. Келечекте футбол боюнча тренер болгум келет. Байкем мени ушинтип жакшы көрүп эле дайыма жанымда болсо болду» дейт секелек кыз.

## "Футбол Аллах тарабынан мага берилген белек"

Нурзат 12 жашта. Энеси аны таштап кеткенден кийин бир канча убакыт таежесинин жанында жашайт. Бирок бул көпкө созулбайт. Таежеси аны балдар үйүнө алып келип таштайт. Нурзат көпкө чейин өзүнө келалбай, эч кимге керегиjоктугунан жапа чегип күн кечирет. Ушул убактарда дене тарбия мугалиминин мажбурлоосу менен футбол ойной баштайт. Кыска убакыт ичинде футбол ага жашоонун жаңы барагын ачат. Эң жакын досторун мына ушул командадан табат. Алар ийгилик жаратуунун кубанычтуу көз ирмемдерин, жеңилүүнүн кайгылуу мүнөттөрүн чогуу башынан өткөрүшөт. Нурзат футбол тууралуу «Аллах тарабынан мага берилген белек» деп эскерет жана сөзүн төмөнкүчө улайт: «Футболдо жараткан ийгиликтеримди үй-бүлөм да көрсө жакшы болмок. Алардын жанымда болбогонунан ийгиликтерди жаратсам да, баары бир жан дүйнөмө бир нерсе жетпегендей боло берет. Келечекке койгон пландарымдын ишке ашуусунда алардын да кичине бир үлүшү болсо кана…

## "Футбол мага жашоодо мен билбеген кооздуктарды көрсөттү"

Меерим 13 жашта. Апасы көчөгө таштап кеткен кыз. МАИ кызматкерлери аны таап, балдар үйүнө алып келгенге чейин ал бирөөдөн запкы жеп каламбы деп коркуп ыйлаган күндөрдү баштан өткөргөн. Балдар үйүнө келгенден кийин да ушул эбегейсиз дүйнөдө өзүнүн жалгыз экендигинен улам коркуу сезимдеринен арыла алган эмес. Жаштыгына карабай, ал өзүн колго алуу үчүн көп аракетин жумшайт. Ушинтип жүргөн күндөрүндө ал футболго кызыгуусу жаралат. Жатакананын футбол аянтчасында футбол ойноп жаткандарды карап отурган Меерилди алар оюнга чакырышат. Ал өткөн күндөрү тууралуу төмөнкүчө эскерет: «Футбол ойногонду билбейт болчумун. Ошол күнгө чейин бир да жолу ойноп көрбөптүрмүн. Бирок алар мени оюнга чакырганда бул тууралуу ооз ачпадым. Билбесем да сыр билгизбей ойноп жүргөн сыяктуу оюнга аралашып кеттим. Азыр ошондо туура кылган экенмин деп ойнойм. Ал күндөгү менин командага кошулуп ойногонум бир эле оюн эмес, кийинки жашоомдо маанилүү роль ойной турган достуктун да башталышы экен». Меерим футбол аркылуу тапкан досторун жоготпоо үчүн азыр да футболду жан дили менен берилип ойнойт. Бир тараптан футбол аркылуу досторун дагы да жакындан таанууга, экинчи тараптан, футболдук турнирлердеги команда жараткан ийгиликтерге  аз да болсо салым кошууга болгон аракетин жумшайт. Футболдун жашоого болгон көз-карашын өзгөрткөнүн айткан Меерим «Мурда өз тагдырымдан өзүм качууга аракеттенсем, азыр жашоонун даамын татып жашай баштадым. Футбол мага жашоонун мен билбеген кооздуктарын ачып берди. Бир туугандыкты, достукту, сүйүүнү, бактылуулукту, бирөө менен бөлүшүүнү үйрөндүм. Бул мен үчүн өтө маанилүү болду».

## "Жашоомдо эжем менен футбол гана бар"

Айгерим 13 жашта. Көп жылдар мурда атасы үй-бүлөсүн таштап кеткен. Апасы каза болгондон кийин турмуштагы эжеси аны балдар үйүнө алып барат. Бул жерде жаңы досторду табуу, өзүнө ыңгайлуу жашоо шартын түзүү максатында аракеттенген Айгерим футбол ойной баштайт. «Карасам, жатаканадагы кыздар футбол ойношот экен. Мен да алардын командасына кошулдум. Футбол алар менен жакындан таанышуу, достошуу үчүн мага чоң мүмкүнчүлүк берди. Мен болсо бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбоого аракеттендим. Досторум менен футбол ойноп жатып, жашоомдогу жаман көз ирмемдер эсимден улам бирден өчүп жаткандай боло берет». Каникул учурунда эжесинин үйүнө барган Айгерим ага жатаканадагы достору, футболдук турнирлерде жараткан ийгиликтери тууралуу айтуудан чарчабайт. Башынан өткөндөрдөн улам эжесине да, өз жашоосуна да таарынычы жазылганын айткан Эркинай «Эжем мени балдар үйүнө таштабаганда бул досторумду да тапмак эмесмин. Футбол ойнобой да калмакмын. Ошол себептен жашоо сага күмүш эшигин жапса, алтын эшигин ачаарын эч качан эстен чыгарбоо керек», - дейт.

Жашоонун оң жана терс жактарын эрте көргөн, жашоонун кыйынчылыктарын эрте башынан өткөргөн Бермет, Нурзат, Меерим жана Айгерим жашоого кайрадан байланууну футбол аркылуу ишке ашырган. Бул мезгилде футбол алар үчүн жөн эле спорттун бир түрү эмес, жашоонун маңызы болгон. Интервью учурунда Айгерим «Футбол мен үчүн жалгыздыктын азабынан куткарган эң маанилүү нерсе» дейт. Меерим болсо жараткан ийгиликтери болгонуна карабастан, дайыма бир кемчиликти сезип жашаарын эстеп «Жашоого мени байлаган бир эле нерсе бар. Ал - футбол» дейт. Ал эми Нурзат үчүн футбол – бул үмүт. Келечекте аны үйгө, өз очогуна кайтара турган нерсе футбол деп ишенет. Бермет болсо жашоодогу ал үчүн маанилүү болгон байкесин футбол аркылуу тааныганын жана байкесин эч качан жоготкусу келбегенин айтат. Алар аянтка бир эле футбол ойноо үчүн эмес, өздөрүнүн келечегин куруу үчүн чыгышат.





*Бул кабарда ысымдар озгортулуп берилди.

*Кубра Эрбайракчы*

*Касым Догуш Кылыч*

*Дизайн:Элмир Аллахвердиев*

# 2018 Жакшылар жеңет, жамандар калат

Адамзат илгертеден бери эле өзүн курчап турган дүйнөнү таануу жана жаратылыш менен мамиле түзүү муктаждыгынын натыйжасында ар кандай тармакта кандайдыр бир жаңы ойлоп табууларды, ачылыштарды жасап келген. Бул ачылыштын бири катары адамдын убакытты астрономиялык кубулуштарга жана жаратылыштагы өзгөрүүлөргө карата чечмелөө максатында ойлоп тапкан жыл санак системасын айтсак болот. Түзүлүшү жана колдонулушу жагынан алып караганда бири-биринен кыйла эле айырмаланган жыл санактардын арасында эң эле кызыктуусу 12 жаныбардын аты менен аталган «Мүчөл жыл санагы» же болбосо «12 мүчөл жыл санагы» болуп саналат. Дүйнөдө негизинен «12 мүчөл Түрк жыл санагы» же болбосо «Кытай жыл санагы» деген ат менен таанымал болгон бул жыл санак же Түрктөр тарабынан же Кытайлар тарабынан ойлоп табылганы билинбесе да Азия өлкөлөрүндө да жана Кытайда да ушул убакка чейин колдонулуп келет

## Жеңишке жеткен чычкан

12 мүчөл жыл санак 12 жылдык мезгилди камтыйт жана бир адамдын өмүрүн камтыганчалык узун убакытты б.а. 60 жылдык убакытта бир алмашат. Бул жыл санагында бир жыл бир жаныбардын аты менен аталат. Бул жаныбарлар кезеги менен колдонулат. Алар: чычкан, уй, жолборс, коён, балык, жылан, жылкы, кой, маймыл,ток, ит жана доңуз. Жылдардын бул жаныбарлардын аты менен аталышына байланыштуу ар кандай көз-караштар бар. Бул көз-караштардын биринде Кытайлардын руханий лидери Будда тууралуу сөз болот. Бул көз-караш боюнча Будда жер бетин таштап, асманга көтөрүлгөндө жаныбарлар өз ара кезекке туруп, аны менен коштошууга келишет. Жаныбарлардын коштошууга келгендеги кезеги азыркы жыл санактагы кезектешүүнү көрсөтөт. Будда өзү менен коштошууга келген жаныбарларды 12 жылда бир айланып келүүчү жылдын атына коюп, ошол жылы төрөлгөн адамды ошол жаныбардын өзгөчөлүгүн алып жүрүүгө буюрат. Мына ушул жол аркылуу коштошууга келген жаныбарларды ыраазы кылат. Режеп Күлжүнүн «Түрктөрдүн маданий мурасы катары «12 мүчөл Түрк жыл санагы» аттуу чыгармасында чагылдырган бир уламышка караганда 12 жылга бөлүнгөн убакыт өлчөмүнө жаныбарлардын аттары берилиши керек болот. Ушул себептен түрк падышаларынын бири уугa чыгат. Ууда жүргөндө чоң бир дарыядан кечип өтүүгө аракет кылып жаткан жаныбарлардын өтүү кезеги боюнча аттары жыл санакка жазылат. Башка бир көз-карашка караганда жылда боло турган окуялардын өзгөчөлүгүнө карата ал жылга, ошол окуянын өзгөчөлүктөрүнө окшош болгон жаныбарлардын аттары берилген.

## Эң алгач ким тарабынан колдонулган?

12 мүчөл жыл санагы кимдер тарабынан ойлонуп табылганы тууралуу да ар кандай божомолдор бар. Кээ бирлер бул жыл санакты эң алгач кытайлар колдонгонун айтышат. Орус тилдүү булактардын кээ бирлеринде аталган жыл санактын б.з.ч. I кылымда Кытай императору Хуан Динин мезгилинде пайда болгону айтылат. Ал булактын кээ бирлеринде болсо бул жыл санактын түрктөр тарабынан ойлоп табылгандыгы жана дүйнөгө жайылтылгандыгы айтылат. Уфук Тавкулдун «Маданий таасирдешүү алкагында 12 мүчөл түрк жыл санагынын жайылтылышы» аттуу эмгегинде бул жыл санактын негизи түрктөргө тиешелүү экендиги айтылат. Далил катары кытай булактарында түрк маданиятын изилдеген изилдөөчү Эдуард Хаваннестин «Le Cycle turc des Douze Animaux» («12 мүчөл Түрк жыл санагы») аттуу эмгеги көрсөтүлөт. Хаваннес кытайлардын бул жыл санагын түрктөрдөн алганын айтат. Буга далил катары жыл санагындагы кээ бир жаныбарлардын аттарынын Кытай маданияты менен дал келбегенин, Австралия-Азия маданияттарынан алып колдонулганын көрсөтөт. Хаваннестин бул гипотезасын кээ бир түркологдор да колдошот. Алар да бул жыл санагын отурукташкан маданияттын ээлери түрктөр тарабынан ойлоп табылып, кийинчерээк Кытай жергесине өткөнүн айтышат. Казак изилдөөчүлөр Багдаулет Аманов менен Асия Мухамбетованын «Казак салттуу музыкасы жана XX кылым» аттуу эмгегинде бул жыл санагынын Орто Азияда жашаган түрк калктарына таандык экендиги бир топ илимий булактар аркылуу тастыкталат

## Жакшылар жеңет, жамандар калат

12 мүчөл жыл санагында ар бир жылдын кайсы жаныбарга туш келсе ошол жаныбардын өзгөчөлүктөрүн алып жүрөт деген ишеним бар. Кыргызстанда жашаган 86 жаштагы Азат Алыбаева жыл санактын мындай өзгөчөлүгүнүн күнүмдүк турмушка да өз таасирин тийгизеерин төмөнкүчө белгилейт: «Мурда кайсы жаныбардын жылына туш келсек жыл ошол жаныбардын өзгөчөлүгүнө карап өтүүчү. Мисалы жылан жылы келгенде кургакчылык болчу. Ит жылы болсо кыйын, туруксуз жана оор жыл болчу. Биз ата-бабаларыбыздан ушул жылдардын өзгөчөлүктөрүн угуп чоңойдук.




Жаныбарлардын кайсы жылга туш келсе ошол жлга таасир берээрин да көрдүк».

12 мүчөл жыл санагында 2017-жыл тоок жылы болчу. 2018-жыл болсо ит жылы болот. Иттин өзгөчөлүгүнө көңүл бурсак үстүбүздөгү жыл кандай өтөт? Жалпы өзгөчөлүктөрүнө карай турган болсок ит жылынын жакшылыктарга жана ишенимдерге бай жыл болоору күтүлөт. Бир топ астрологдор жаңы жылдын тынчтык, бейпилдик жана ишенимдүүлүк жылы болоорун айтышат. Бул астрологдордун девизи 2018-жылында «жакшылар жеңет, жамандар калат». Бирок башкача көз-караште болгондор да жок эмес. Алардын оюу боюнча бейпилдикти буза турган кээ бир өзгөрүүлөр да болушу мүмкүн. Дүйнөдө күчтүү, таасирдүү мамлекет катары Кытай алдыга чыгат. Ден-соолук тармагында да дүйнөнү тынчсыздандыра турган бир топ нерселер болушу мүмкүн.

## Итсиңби же коёнсуңбу?

Айрыкча жыл санагында орун алган жаныбарлардын өзгөчөлүктөрүн жылга карап эмес ошол жылы төрөлгөн адамдардын характерин жана келечек тагдырынын кандай болоорун аныктоодо да маанилүү роль ойнойт. Бул үчүн алгач адамдын кайсы жылда туулганын билүү керек. Кайсы жылда туулганын билүү үчүн оңой таблица бар. Алгач туулган жылына 9 саны кошулат, анын жыйындысын 12ге бөлөт. Бөлгөндөн келип чыккан жыйынтык анын кайсы жылда туулгандыгын көрсөтөт.

Мисалы: 1994 + 9= 2003

2003:12=166 (Калган сан 11. 11 саны ит жылына туура келет. Себеби ит жылы 12 мүчөлдүк жыл санагы боюнча 11-орунда турат.)

Нергиз Бирай «12 мүчөл түрк жыл санагы: убакытты жана адамды башкаруу» аттуу эмгегинде ит жылында төрөлгөн адамдардын характери тууралуу маалымат берет. Бул адамдар аябай сезимтал болушат. Күчтүү, бирок этиятчыл адамдар болот. Ошол себептен өздөрүнө жана айланасындагы башка адамдарга сынчыл көз-караш менен карашат. Түндө төрөлгөндөр айланасында кандай окуя болбосун баарын тыкыр изилдеп чыгууну жактырат. Кайсы жерде болбосун жаман иштердин, уруш-талаштын жана уурулуктун болушуна эч качан жол бербейт. Ал эми күндүз төрөлгөндөр бираз кир жана ач көз болушу менен түндө төрөлгөндөрдөн айырмаланат. Эң маанилүүсү алар акылдуу, аң-сезими күчтүү жана өзүнө ишенген адамдар болот. Ишенимдүү дос болот. Керек болсо досу үчүн жанын берүүгө да даяр болушат.

## Ит жылында төрөлгөн белгилүү инсандар

Бул жыл санагы боюнча алып караганда саясатчыдан ырчыга чейин ит жылында төрөлгөн адамдарды кездештирүү мүмкүн. Бул таанымал адамдардын арасында эң эле көңүл бурдура тургандар Америкалык саясатчылар. Ит жылынын өзгөчөлүгүнө ээби же ээ эмеспи бирок азыркы учурдагы АКШнын президенти Дональд Трамп так эле ушу лит жылында төрөлгөн. Экс-президенттерден Джордж Буш жана Билл Клинтон да ит жылында төрөлгөндөр арасында. Оскар сыйлыгынын ээси голливуд кинорежиссеру Стивен Спилберг да ит жылында төрөлгөн кино ааламынын бир мүчөсү. Ал эми поп музыканын падышасы аталган афро-америкалык ырчы Майкл Джексон, Американын маданият символдорунун бири Мадонна, ыр жыйнактары ар дайым рекорд менен сатылып келген Мери Карей жана латын америкалык жылдыз Дженнифер Лопес да ит жылында төрөлгөндөрдүн арасында. Белгилүү модель Наоми Кемпбелл да таанымал ит жылында төрөлгөндөрдүн бири. Мындан сырткары Конфуций, Сократ, Бенджамин Франклин, Вольтер да ит жылында төрөлгөн эң маанилүү ысымдардан болуп саналат.

## Кыргызстанда 12 мүчөл жыл санагы

12 мүчөл жыл санагы азыркы учурда расмий кабыл алынбаса дагы Орто Азиянын бир топ өлкөлөрүндө колдонулат. Кыргызстанда да колдонулган бул жыл санак тууралуу кыргыздар арасында башкача уламыш айтылып жүрөт. Бул уламышка караганда чычкан менен төө жыл санакта орун талашып урушуп кетишет. Акыры экөө өз ара келишим түзөт. Ал келишим боюнча эртең мененки күндү ким көрсө жыл санактын башында ошонун ысмы коюла турган болот. Ошентип боюна ишенген төө баары бир күндү биринчи көрөөрүнө катуу ишенип, күн чыгышты карап күтө баштайт. Бирок төөнүн кулагына чыгып алган чычкан күндүн чыгышын төөдөн мурда көргөн экен. Ошентип жылдын башына чычкандын аты коюлат. Буга жинденген төө жыл санакта орун алгандан биротоло баш тартып, чычканды тебелөөгө аракет кылат. Төөдөн корккон чычкан күл дөбөгө жашына калат. Бул кектин али да болсо бар экендигине ишенген кыргыздар төөнүн күлдү көргөндө ошол убакты эстеп ыйлаарын айтышат.

Кыргыздардын таанымал дастаны «Манас» эпосунда да 12 мүчөл жыл санагы тууралуу айтылат. Анда: «Жыл эсебин алайын, Эми жылды катка салайын. Ал эле чычкан, ал эле уй, Ал эле жылкы, а да барс, Ал эле коён, ал жылан, Ал эле тоок, ал улуу, Ал эле мечин, а да кой, Ал эле доңуз, ал эле ит, Айкөлдөн калган кулунум, Өлбөй жүрсө Семетей Быйыл он экиге толгон кез…» (Семетей 1-том)

Жыл санак кыргыздардын күнүмдүк жашоосунда да өзгөчө мааниге ээ. Өзгөчө жаңы жылды күтүп жатканда ошол жылы боло турган жаныбардын өзгөчөлүгүнө карай бир топ даярдыктар жасалат. Мисалы жаңы жылдык дасторкон ошол жылы боло турган жаныбардын □зг□ч□л□кт□р□н□ карата даярдалат. Мындан сырткары тоок жылында дасторкондо тоокко же корозго байланыштуу кандайдыр бир тамак-аштын болбошу керек.

Алина Жумагулова

Дизайн:
Курманжан Доктурбекова